# МИРЛАН САМЫЙКОЖОНУН КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ПОЭТИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ

**Абдимомунова Гүлшан Абдирасуловна**

*ОшМУнун Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун филология адистигинин магистранты*
*E-mail:* abdimomunovag03@gmail.com

***Аннотация:*** Бул макалада заманбап кыргыз адабиятындагы поэтикалык изденүүлөр Мирлан Самыйкожо уулунун поэзиясынын мисалында талдоого алынат. Изилдөөнүн негизги багыты акындын чыгармачылыгында өзгөчө орун алган үй-бүлө, инсан жана Мекен образдарынын көркөм-маанилик өзгөчөлүктөрүн жана көркөм чечмелөөсүн аныктоого багытталган. Макалада «Эне жүрөк!», «Адам издейм», «Бирик Кыргыз» аттуу ырлар негизги тексттик материал катары колдонулуп, алар аркылуу эне тагдырынын трагедиялуу жана руханий бийик образы, үй-бүлөлүк баалуулуктар, инсандык ички дүйнө, инсандык моралдык идеалды издөө маселеси, ошондой эле мекенчилдик идеясынын поэтикалык туюнтулушу ачып көрсөтүлөт. Акындын поэзиясында эне образы руханий чыдамкайлыктын жана гуманисттик баалуулуктардын символу катары берилет жана дагы үй-бүлө руханий таяныч катары сүрөттөлүп берилет.Ал эми инсан адеп-ахлактык, моралдык жоопкерчиликтин символу катары берилсе,мекен улуттук аң-сезимдин, тарыхый эс-тутумдун жана элдик биримдикдин идеялары менен айкалышта сүрөттөлгөнү ачык көрүнөт жана көркөм образы катары берилгени аныкталат. Макалада заманбап кыргыз поэзиясындагы идеялык-көркөм жаңылануулларга өзгөчө көңүл бурулат. Ошондой эле макалада акындын поэтикалык тили, символдук образдар системасы жана көркөм ыкмалары талданып, анын заманбап кыргыз поэзиясындагы орду аныкталат.

**Ачкыч сөздөр**: кыргыз адабияты, поэзия, поэтикалык изденүү, инсан, *мекенчилдик.*

***Аннотация:*** В данной статье анализируются поэтические поиски в современной кыргызской литературе на примере поэзии Мирлана Самыкоджо уулу. Основное направление исследования направлено на выявление художественно-смысловых особенностей и художественной интерпретации образов семьи, личности и Родины, занимающих особое место в творчестве поэта. В качестве основного текстового материала используются стихотворения «Материнское сердце!», «Ищу человека», «Единые кыргызы», через которые раскрываются трагический и духовно возвышенный образ судьбы матери, семейные ценности, внутренний мир личности, проблема поиска морального идеала личности, а также поэтическое выражение идеи патриотизма. В поэзии поэта образ матери представлен как символ духовной стойкости и гуманистических ценностей, а семья изображена как духовная опора. Хотя личность представлена как символ морали и нравственной ответственности, очевидно, что родина изображена в сочетании с идеями национального самосознания, исторической памяти и национального единства и определяется как художественный образ. В статье особое внимание уделяется идеологическим и художественным нововведениям в современной кыргызской поэзии. Также анализируется поэтический язык поэта, система символических образов и художественные методы, определяется его место в современной кыргызской поэзии.

**Ключевые слова:** кыргызская литература, поэзия, поэтический поиск, личность, патриотизм.

**Annotation:** This article analyzes poetic explorations in contemporary Kyrgyz literature using the poetry of Mirlan Samykojo uulu as an example. The primary focus of the study is to identify the artistic and semantic features and artistic interpretations of the images of family, individuality, and homeland, which occupy a special place in the poet's work. The poems "Mother's Heart!", "Looking

for a Man," and "United Kyrgyz" serve as the primary textual material. These poems reveal the tragic and spiritually elevated image of a mother's fate, family values, the inner world of the individual, the problem of finding a moral ideal, and the poetic expression of patriotism. In the poet's poetry, the image of the mother is presented as a symbol of spiritual fortitude and humanistic values, while the family is depicted as a spiritual support. Although the individual is presented as a symbol of morality and ethical responsibility, it is clear that the homeland is depicted in conjunction with ideas of national identity, historical memory, and national unity, and is defined as an artistic image. The article focuses on ideological and artistic innovations in contemporary Kyrgyz poetry. It also analyzes the poet's poetic language, symbolic imagery, and artistic methods, and defines his place in contemporary Kyrgyz poetry.

**Key words:** Kyrgyz literature, poetry, poetic search, personality, patriotism.

Заманбап кыргыз адабияты коомдогу социалдык, руханий жана маданий өзгөрүүлөрдү көркөм чагылдыруу менен мүнөздөлөт. Айрыкча поэзия жанры улуттук аң-сезимдин, инсандык ой жүгүртүүнүн жана коомдук проблемалардын чагылышы катары маанилүү орунду ээлейт. XXI кылымдагы кыргыз поэзиясында салт менен жаңычылдыктын айкалышы, поэтикалык форманын жана мазмундун жаңыланышы байкалат. Мирлан Самыйкожо уулу — заманбап кыргыз поэзиясында өзүнүн мекенчилдик духтагы, философиялык жана социалдык мазмундагы ырлары менен таанылган акындардын бири.Акындын ырлары жаштар арасында өзгөчө орунду ээлейт. Анын чыгармачылыгында үй-бүлө, инсан жана Мекен образдары өз ара байланышта, терең көркөм чечмелөөгө ээ.

Бул макаланын максаты — Мирлан Самыйкожо уулунун поэзиясындагы үй-бүлөлүк баалуулуктарды, инсандык ички дүйнөнү жана Мекен темасын поэтикалык изденүүлөрдүн негизинде талдоо.

Акындын «Эне жүрөк!» аттуу ыры үй-бүлөлүк баалуулуктардын эң бийик үлгүсү катары энениn образын борборго коёт. Бул ырда эне тагдыры трагедиялуу, бирок руханий жактан бекем образда берилет. Эне бардык нерсеге чыдамдуу,сабырдуу жан экени ырдын ар бир сабында анык көрүнөт. Акын эненин башынан өткөн оор сыноолорду төмөнкү саптар аркылуу ачып көрсөтөт:

«Оор тагдырды өткөрүп башыңыздан,

Жарыңыздан айрылып жашыңыздан.

Беш баласын бейитке берген кезде,

Беш жеринен тамыры кесилиптир.» деп берилет. Бул жерде эне - жеке адам эмес, бүтүндөй элдин кайраттуулугунун символу катары каралган. Балдарын жоготкон эненин ички кайгысы. Бул образ аркылуу үй-бүлө -адамдын руханий дүйнөсүн бекемдеген негизги күч экени көрсөтүлөт. Эненин чыдамкайлыгы, кайраты жана мээрими акындын поэзиясында жогорку гуманисттик баалуулук катары даңазаланат. Мындан тышкары, акын эненин образын жалаң гана жеке тагдырдын алкагында эмес, улуттук менталитетке мүнөздүү ыйык түшүнүк катары көтөрөт. Эне образында сабырдуулук, өмүргө болгон ишеним жана руханий туруктуулук чагылдырылат. Ырдагы эненин кайгысы пассивдүү абалда берилбестен, жашоого каршы туруштук берген ички күч катары сүрөттөлөт. Акын поэтикалык тил аркылуу эненин психологиялык абалын көркөм деталдар менен ачып берет. Эненин башынан өткөн трагедиялар анын инсандык улуулугун дагы да бийиктетет. Башына канча кйынчылык келсе да,өзүн кармап,сабырдуу боло билген. Чыгармада эненин жүрөгү бардык кыйынчылыктарды көтөргөн күчтүү руханий борбор катары берилет. Мындай көркөм чечмелөө аркылуу акын эненин коомдогу ордун жана анын адам тарбиялоодогу ролун баса белгилейт. Натыйжада,

«Эне жүрөк!» ыры заманбап кыргыз поэзиясында эне образын жаңы көркөм деңгээлге көтөргөн чыгарма катары бааланат.

«Адам издейм» ырында Мирлан Самыйкожо уулу заманбап коомдогу инсандык кризисти көтөрөт. Акын үчүн “адам”- бул жөн гана биологиялык жан эмес, моралдык принциптерди карманган, адилеттүү инсан.

«Жашоодон жарык жүздүү адам издейм,
Жакшынын жакшылыгын жашырбаган.»
Азыр да арабыздан адам издейм,
Абийирин, ар-намысын бийик койгон» .Ырда акын коом ичиндеги адилетсиздикке, жалганчылыкка каршы моралдык позициясын билдирет. Инсандык тазалык, абийир, ар-намыс - акын издеп жаткан негизги сапаттар.Бул ыр философиялык мазмунда болуп, окурманды өзүн-өзү таанып-билүүгө, коом алдындагы жоопкерчиликти сезүүгө чакырат. Мындан улам акын “адам” түшүнүгүн этикалык категория катары чечмелейт. Ал инсанды коомдук чөйрөнүн пассивдүү мүчөсү эмес, активдүү моралдык субъект катары көрсөтөт. Ырда адилеттүүлүк, чынчылдык жана жоопкерчилик заманбап коом үчүн өзгөчө актуалдуу баалуулуктар катары көтөрүлөт. Акын коомдогу руханий боштукту сын көз менен баамдайт. Поэтикалык кайрылуулар аркылуу окурмандын ички дүйнөсүнө түз таасир этет. “Адам издейм” ыры моралдык чакырык мүнөзүнө ээ болуп, жарандык позицияны бекемдөөгө багытталган. Инсандык тазалык акын үчүн социалдык гармониянын негизги шарты катары каралат. Ырда айтылган идеалдуу адам образы реалдуу турмуштагы кемчиликтер менен салыштырылып берилет. Бул салыштыруу аркылуу акын коомду өзүн-өзү тазалоого чакырат. Моралдык тазалыктан айрылган коом руханий кыйроого учурай турганы көркөм философиялык деңгээлде эскертет. Поэтикалык саптарда айтылган талаптар ар бир инсан үчүн катаал, бирок зарыл руханий сыноо болуп угулат. Бул ыр адамды сырттан эмес, ичинен титиретип, өзүнүн ким экенин кайрадан суроого мажбурлайт. Инсандык жоопкерчилик бул жерде убактылуу түшүнүк эмес, өмүр бою көтөрүлө турган руханий жүк катары берилет. Инсан ар убак абийир,намысты сактоо керек экендигин,коомдо орду бар инсан болууга акыныбыз чакырып кетет.

Мирлан Самыйкожо уулунун поэзиясында мекен темасы өзгөчө орунду ээлейт. «Бирик Кыргыз» ыры - мекенчилдиктин, улуттук аң-сезимдин күчтүү поэтикалык манифести. Бул ырды ар бир кыргыз жараны жүрөгү менен тыңшап уга алуусу зарыл.

«Бөркү баштан түшпөгөн бийик Кыргыз,
Көркү шамдай жаркыган билик Кыргыз.
Бөлүнгөндө бүлүнөт бүтүмдүгүң,
Бөлөктөргө жем болбой бирик Кыргыз!»

Акын жогорудагы ыр саптары менен элди ынтымакка, улуттук биримдикке чакырат. Уруу-уруу болуп бөлүнүү бизге тиешелүү эмес экенин,ар убак достук,ынтымактык мамиледе болуу керектигин айтат. Мекен образы бул ырда географиялык түшүнүк эмес, руханий жана тарыхый баалуулук катары берилет,ал төмөндөгү ыр саптарында анык байкалган.

«Сан миң жылды карыткан тарыхың бар,
Сай-сайларга бөлүнбөй бирик Кыргыз!».

Биз бул ыр саптарынан түндүк-түштүк болуп бөлүнбөй бир эл болууга чакырык экенин түшүнсөк болот.

Ал эми акындын:
«Ыйман, абийир, арыңды сыйрып салып,
Ырыскыңды ыгы жок тепкен болбойт.»-, деген ыр саптарынан биз баарынан да биринчи ыйман,абийир,ар жогору экенин түшүнө алабыз. Себеби,мекенибиз болгон күндө да

намыссыз,ары жоктор мекенин сатып кетип жатышат эмеспи. Демек,акын мекенибиз болгон күндө да жогорудагы сапаттарды жоготпоого чакырып жатат десек жаңылышпайбыз. Бул ыр аркылуу акын заманбап коомдогу бөлүнүүчүлүккө каршы чыгып, улуттук аң-сезимди ойготууга умтулат.Акындын «Бирик Кыргыз» ыры мекенчилдик сезимдин көркөм кульминациясы катары кабыл алынат. Бул чыгармада Мекен образы тарыхый эс-тутум, улуттук ар-намыс жана жарандык жоопкерчилик менен айкалышта берилет. Акын элди бөлүнүүчүлүктөн сактанууга чакырып, биримдикти улуттун жашоосунун жалгыз шарты катары коёт. Поэтикалык кайрылуулар кургак чакырык эмес, кан менен жазылгандай оор жоопкерчиликти туюнтат. Ырдагы ар бир сап улуттук тагдыр үчүн коңгуроо каккан эскертүү сыяктуу угулат. Мекенди сатуу руханий чыккынчылык катары аёосуз айыпталат. Акындын сөздөрү окурманды бейтарап калтырбай, тарых алдындагы жеке жоопкерчиликти сезүүгө мажбурлайт. Мекен алдында өз милдетибизди аткаруу керек экенин эске салат. Улуттук аң-сезим бул ырда сезим эмес, иш-аракетке айланышы керек болгон руханий милдет катары чечмеленет. Натыйжада, «Бирик Кыргыз» ыры заманбап кыргыз поэзиясында мекенчилдикти руханий жактан ойготуу деңгээлине көтөрүлгөн чыгарма катары бааласак болот.

Мирлан Самыйкожо уулунун поэтикалык тили жөнөкөй, бирок терең маанилүү. Ал элдик образдарды, символдорду, кайрылууларды кеңири пайдаланат. Риторикалык суроолор, кайталоолор жана эмоционалдык интонация акындын поэтикалык өзгөчөлүгүн түзөт. Биз акындын ырларында салттуу форма сакталганы менен, мазмуну заманбап социалдык жана философиялык проблемаларга багытталган деп ойлойбуз.

**“Эне жүрөк”**

Оор тагдырды өткөрүп башыңыздан,

Жарыңыздан айрылып жашыңыздан,

Кайгы, муңу көрүнөт кадимкидей,

Куудай аппак ар бир тал чачыңыздан.

Эненин жашоосундагы трагедия жана кайгы, ички дүйнөсү жана тазалыгы чачында көрүнөт. Эпитеттер жана сүрөттөө колдонулган. “Оор тагдырды” деген сөздөр эмоционалдык тереңдикти түзөт. Метафора (“куудай аппак”) жана сүрөттөө колдонулган. Бул саптар окурманда эмоционалдык күчтүү таасир калтырат деп ойлойбуз. Жогорудагы ыр саптарынан биз төмөнкүдөй жыйынтык ала алсак болот. Эне жашоодо көп кыйынчылыктарды башынан өткөргөн, бирок алардын баарын көтөрө алган күчтүү инсан жана кыйынчылыктарга карабай ички тазалыгын жана мээримин толугу менен сактап кала алган.

**“Бирик Кыргыз”**

Турпагыңа белгиңди чийип Кыргыз,
Тууңду көтөр ар дайым бийик Кыргыз.
Түркөйлөргө чөгөлөп тизе бүкпөй,
Түндүгүңдүн астына бирик кыргыз!

Биринчи сапта турпак (жер) жана белги (улуттук өзгөчөлүк, намыс), экинчи сапта туу (асаба,желек) жана бийик (рухий бийиктик) колдонулган. Бул эки сап улуттун намысын жана рухий бийиктигин чагылдырат. 3-сапта душмандарга (түркөйлөр) тизе бүкпөй,эркин болууга чакырса,4-сапта түндүк-бир жерге чогулуу керек экендигин айтат. Символ жана метафора, эпитеттер (“бийик”) колдонулган. Эч качан сырттан келген душмандарга бай ийип калбай,дайыма түндүк астында “Бир жакадан баш,бир жерден кол” чыгарып,күчтүү болууга чакырат.

Жыйынтыктап айтканда, Мирлан Самыйкожо уулунун поэзиясы заманбап кыргыз адабиятындагы поэтикалык изденүүлөрдүн маанилүү багытын түзөт. Анын чыгармачылыгында үй-бүлө-руханий баалуулуктардын башаты, инсан -моралдык идеалдын алып жүрүүчүсү, ал эми мекен- улуттук аң-сезимдин көркөм символу катары берилет. Акындын ырлары бүгүнкү күндө жаштар арасында өтө атактуу десек болот,айрыкча «Бирик

кыргыз» деген ыры. Биз бул менен акындын коомду ойготууга, руханий тазаланууга жана улуттук биримдикке чакырган ырлары ар дайым поэзияда жогору турат деп ишенебиз.

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР**


1. Мирлан Самыйкожо уулу. Ырлар жыйнагы.
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. — Бишкек, 2015.
3. Замандаш кыргыз поэзиясы. — Бишкек, 2020.
4. Super.kg маалымат-маанайшат порталы.